Тема: Кызыл, жашыл, сары. Жолдон өтсөң абайла!

Саб. максаты:

1. Окуучуларга жолдо жүрүү эрежелерин түшүндүрүү.
2. Көчөдө, транспортто туура жүрүүгө үйрөтүү.
3. Маданияттуулукка, адептүүлүккө, боорукердикке тарбиялоо.

Сабактын жабдылышы: Жолдо жүрүүнүн эрежелери боюнча сүрөттөр, Светофордун макети. Жол белгилеринин сүрөттөрү.

Сабактын формасы: Таймаш сабак.


Ар бир адам жолдо жүрүүнүн эрежелерин жакшы билүү керек. Көчөдө басуу кыйын деле эмес, бирок чоң көчөлөрдө автомобилдер, мотоциклдер, автобустар тынымсыз ары-бери өтүп турат. Мына ошол түрдүү машиналардан этият болууга үйрөнүү- бардыгыбыздын милдетибиз. Машина айдоочулар эреже боюнча так жүрүшөт. Алар жолдо жүрүүнүн эрежелерин окуп жакшы үйрөнүшөт. Ошондой эле жөө жүрүүчүлөрдүн да эрежеси бар. Биз да ошол жолдо жүрүүнүн эрежелерин жакшы үйрөнүшүбүз керек.

Жол үстүндө үч кабат,
Илинген нурду карагын.
Светофор деп коёт,
Эсиңе ал, өчүп-жанарын.

Көңүлүңдө илгиниң
Көчө шартын дилгирим!
Шашкандардын шаарда
Не болорун билгиниң.

Жанаша турат көзү бар.
Жакшылап айткан сөзү бар.
Кызыл, сары, жашыл да,
Так жандоочтун өзү бар.

Сканировано с CamScanner



Кордуҥбы, жолдо кызылы,
Кöбӱниҥ арбын кызылы.
Кижилер оттой турсун деп
Чийилген жолго созыгы.

Кызылы очпой баспагын
Шааиси башка тактагын
Сарыгы кӱйӱп тургунда
Калдалаңдап шашпагын.

Жажылы кӱйӱп жангада,
Жарапшайт каран калганга.
Жорголой тартып отуп кет,
Жол берип жапат баскана.

Кыя белдеп, кыштак, шаардаҥ,
Алып келет паровоз.
Азык-тулук эл тартып,
Шашып келет паровоз.
Темир жолдо ойнобо,
Тепсебейт деп ойлобо.

Турса эгер ичке жолдо машина,
Каран откун, барба жакын жанына
Айдоочу кокон дагы кетпесин,
Эч ким жок деп карабастан айдаса.

Сканировано с CamScanner

Жолдон өтсөң сол жагыңды карагын,
Шаша корбо бачым өтүп кеткенге.
Анан кийин оң жагыңа карагын,
Ортодогу ак сызыкка жеткенде.
Машиналар алыс жакта болгон соң,
Өтө бергин коркунуч жок шектенбе.

— Жөө адамдар тротуар боюнча гана жүрүшөт.
— Көчөлөрдүн кесилиши - жөө адамдар үчүн өтө коркунучтуу.
— Көчөдөн өтүү үчүн жөө адамдар өтүүчү өткөөлдү табуу керек.
— Көчөдө өтүүдөн мурда адегенде солго кара
— Жолдун ортосуна жеткенде оңду кара.
— Көчөдөн өтүп кетүүгө үлгүрбөсөң, коопсуздук аралчасына токто. Эгер ал жок болсо, жолдун ортосундагы ак сызыкка туруу керек.
— Көчөдөн өтүп бара жатканда светофордун сигналына көз салгыла.

- Токто!
- Күт, даярдан!
- Жүр, өтө бер.

— Көчөлөрдө, жолдордо чана, лыжа, коньки тээп ойнобо. Көрсөк кам кабактын ортосунда.

— Жолдо жүрүүнүн эрежелерин билгиле жана сактагыла!

Жыйынтыктоо: Суроо-жооп иретинде

Үйгө тапшырма: Светофордун макалын жасап келүү.

Сканировано с CamScanner